

***Аалиева Н.К.,***
*Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын доценти, философия илимдеринин кандидаты*

## Маргиналдуулук кыргыз интеллигенциясынын негизги көйгөйү катары

Макалада маргиналдуулукка байланышкан түшүнүктөргө берилген аныктамалар жана бүгүнкү күндө маргиналга (карама каршы эки маданияттын ортосунда чайналган субъект) айланган кыргыз коому өз маданиятын толук биле албай, Батыштын, араб өлкөлөрүнүн таңууланган маданиятын да толук кандуу өздөштүрө албай тургандыгы кыргыз интеллигенциясынын негизги көйгөйү болуп жаткандыгы чагылдырылган.

Дүйнөнүн башка мамлекеттериндей эле мурдагы СССРдин дээрлик баардык республикаларында, алардын ичинде Кыргызстанда *массалык аң-сезиминдеги* ***тарыхый эстутумду*** актуалдаштыруу процесси кескин күч алып, *“этникалык кайра жаралуу”* феномени ачык байкалууда. Мындай көрүнүштүн негизги себептери катары төмөнкү *факторлорду* атоого болот:

- этностордун колониалдык империялар менен 70 жылдан ашуун мезгил бою *советтик идеология* тарабынан таңууланган *маданий, коомдук-саясий деформацияларды* четке кагууга болгон далалаты;
- этникалык жамааттардын ИТР, урбанизация, массалык миграция, теңдегич (нивер-лирлөөчү) тенденциялар сыяктуу объективдүү процесстерге, о.э. жашоо-турмуштун унификация, глобализация, вестернизация жана американизация өңдүү образдарына каршы багытталган реакциясы.

Демек, учурда дүйнөлүк масштабда болуп жаткан ***мамлекеттер жана улуттар аралык мамилелердин чөйрөсү*** карама-каршылыктуу жана ар тараптуу процесстер менен коштолгону байкалган. *Бир жагынан*, айрым *этностук жана улуттук айырмачылыктарды, өзгөчөлүктөрдү* начарлатууга, жок кылууга багытталган ***интернационалдаштыруу, интеграциялоо процесстери*** күч алса, *экинчи жагынан*, көптөгөн элдерде ***“этникалык маданиятты өстүрүү тенденциясы”*** [1. – С. 173] жанданган. Берилген проблематиканын негизинде *технотектүү цивилизация* менен *салттуу коомдун* ортосундагы алака тууралуу мамилени коюп, ааламдашуунун (глобализациянын) шарттарында аргасыз модернизацияланып, трансформацияланып, өзгөрүп бара жаткан салттуу коомдогу маргиналдуулук кыргыз интеллигенциясынын көйгөйү болуп жаткандыгы тууралуу сөз кылууну ылайык таптык.

Интеллигенция чөйрөсүндө ***«маргинал», «маргиналдуу маданият», «маргиналдуу инсан»*** *түшүнүктөрү* менен аларга берилген *аныктамалар* кездешет [Караңыз: 2. – С. 287-288]. Аталган булакка таянуу менен бул түшүнүктөрдү төмөнкүчө аныктоого болот:

1. **Маргинал** (французчадан marginal – кошумча нерсе, артык баш нерсе, чеке-белде калган жазуу) – 1) бул мурдагы социалдык байланыштардан ажырап, бирок, жашоо-тиричиликтин жаңы шарттарына көнө албай, кандайдыр бир социалдык топтордун

ортосунда, арасында калган адам (мисалы, эмигранттар); 2) коомдун чеке-белинде калган адам (мисалы, люмпен[1], селсаяк, бомж[2]) [2. – С. 287].

2. ***Маргиналдуу маданият*** *– элет* жерлеринен *шаарларга* карай багытталган *массалык миграция* шаардык маданияттын *салттуу өзгөчөлүктөрүн* гана «кыйратпастан», элет менен шаардын маданияттарынын ортосундагы *маргиналдуу маданияттын* пайда болушуна да түрткү берген [2. – С. 287].

3. **Маргиналдуу инсан** – бул эки ар кыл элдердин маданиятынын, жашоо-тиричилигинин жана каада-салттарынын ортосунда жашаган, аларга аң-сезимдүү түрдө аралашкан адам. Мындай адам берилген мүмкүнчүлүктөрдүн болгондугуна карабастан эч качан өзүнүн өткөн тарыхы менен каада-салттарынан кол жууй албайт, ошол эле учурда ал өзү азыр татыктуу орунду ээлөөгө тырышып жаткан жаңы коомго да өз башын толук кандуу батыра албайт. Бул бири бири менен эч качан жуурулушпаган 2 маданият менен 2 коомдун ортосундагы ара жолдуу жагдайда калган инсан болуп саналат. **Маргиналдуу инсан** калктын миграциясы сыяктуу адамды кандайдыр бир маданиятты таштоого, өзү үчүн чоочун болуп саналган маданий баалуулуктарды, социалдык ролдорду, жашоо образын өздөштүрүүгө мажбурлаган ар кыл процесстердин натыйжасы же өндүрмөсү (продуктысы) болуп саналат [2. – С. 287-288].

Чыгыш менен Батыштын маданияттарынын *уникалдуулугу* жана *тең баалуулугу* тууралуу өтө эле ашынып кеткен *«камкордуктан»* чыккан ***маданий алака*** *сыртынан* гана *диалогдук мүнөзгө* ээ жана аталган маданияттардын ар бири *өзүн өзү көрсөтүү көйгөйү* менен алек болгондуктан, алар *диалогго кирбестен,* бири бири менен *катарлаш жашоо* мүмкүндүгүнө гана ээ.

4. *Өз ара алаканы* ушундай түшүнүүнүн логикасы, *бир жагынан*, маданияттардын бирин бири өз ара адекваттуу түшүнүүсүндөгү реалдуу кыйынчылыктар, *экинчи жагынан*, өз ара алаканын эң мыкты варианты катары *кошумча маданият* таанылганда, өз ара монолог *«башка»* аркылуу туюндурула баштаганда пайда болгон *өздүк уникалдуулукту* жана *кайталангыстыкты сактап калуу проблемасы* менен байланышкан [Караңыз: 3. – С. 42-43]. Маданият *өз тамырлары* менен *спецификалуу салттарына* таянуу менен жашагандыктан, кандайдыр бир деңгээлде *мындай логиканын пафосун* түшүнүүгө болот.

Бул логикага таянсак, акырындык менен ***диалог*** *маданияттын спецификалуу белгилерин* четке кагып, аны *чоочун маданият* менен аралаштырып, ***маргиналдуу формадагы маданиятты*** жаратат. Чындыгында эле, *заманбап Японияда* Чыгыш жана Батыш маданияттарына таандык элементтер өз ара ушунчалык деңгээлде жуурулушуп кеткендиктен, бул мамлекет тууралуу, *бир жагынан*, Чыгыш маданиятынын символу, *экинчи жагынан*, Батыш маданиятынын чордону деп бирдей даражада айта алабыз. *К. Г. Юнг* «азиялык элдерди» «чала жан европалыктарга» айландырууга болбостугун баса белгилегендей [4. – С. 95], жогоруда сүрөттөлгөн ***маргинал маданиятты*** *жакшы* же *жаман* деп *баалоо* бир катар кыйынчылыктарды жаратат.

Эгерде маданият *күчтүү* болсо, ал *«чоочун» маданияттын илдети* менен *«оорул калууга»* бөгөт болгон *«иммунитетке»* ээ болсо, анда ал эч кыйынчылыксыз эле *өзүнүн уникалдуулугун* сактап кала алат. Маданияттардын ортосундагы *баардык* жана *ар кыл чектерди* жок кылуу *кандайдыр бир туруктуулук* менен *өздүк стерждин деңгээлинен* ашпоого тийиш. ***Чоочун маданияттын материалын*** *өзүнө кабыл алуу, аны сиңирүү* жа-

[1] **Люмпен** (немец тилинен lumpen – тамтыгы кеткен, самсаалаган кийим) – бул К. Маркс тарабынан пролетариаттын (жумушчу табынын) эң эле төмөнкү катмарларын белгилөө үчүн киргизген түшүнүгү. Кийинчерээк «люмпен» деп калктын эч бир тапка таандык болбогон катмарларын (селсаяктарды, кайырчыларды, кылмыштуу элементтерди ж.б.) атай баштакан. «Коомду люмпенизациялоо» термини социалдык кризистердин шарттарында калктын мындай катмарларынын арасында люмпендик психологиянын кеңири жайылып кетишин туюнтат.

[2] ***БОМЖ*** – лицо ***Без Определенного Места Жительства*** – туруктуу баш маанеги жок адам.

жосунсуз жоругун изилдөөчүлөр «Орозкул сымал маргиналдар өз эли менен маданиятына көрүстөн казып, күмбөз тургузушат» [Караңыз: 9. – С. 163-170], - деп образдуу боолголошот.

*Маргиналдуу инсандын ара жолдуу абалын* автор «кайып болгон олуя эне, тукумун жерибеген касиеттүү Мүйүздүү Бугу-Энеден» [8. – 88-б.] ***(өз маданиятынан)*** кетип, «жок, менин балык болгонум жакшы. Сүзүп кетем буерден» [8. – 164-б.], «арыба, ак кеме, мен келдим!» - деп, бала «эс тартканы эч качан көрбөгөн» «көлдө матрос атасы» [8. – 47-б.] сүзүп жүргөн ак кемеге *(кыргыз маданияты үчүн* ***чоочун*** *болуп саналган* ***Батыш маданиятынын*** *элементи)* ***наристе баланын образы*** аркылуу да күчтүү сүрөттөлгөн. Бирок, бала *ак кемеге* сүзүп жеткен, жетпегени автор тарабынан бүдөмүк калтырылгандыктан, изилдөөчүлөр *өткөнүн талкалап*, бирок, *ак кемеге (Батыш маданиятына)* алган жолу менен байланышкан *келечеги тумандап* турган *Бугу-Эне тукумдарынын азыркы маданий абалы* да бүдөмүк деген тыянакка келишет [Караңыз: 9. – С. 163-170].

Бүгүнкү күндө *маргиналга* (карама каршы эки маданияттын ортосунда чайналган субъект) айланган кыргыз коому өз маданиятын чанып, Батыштын тануулланган маданиятын толук кандуу өздөштүрө албай турган чагы. Маданий ара жолдо калган маргиналдар *коррупция, паракорчулук, көрө албастык* ж.б.у.с. *ыймандуу философияга* дал келбеген нерселерди аша чаптыра өнүктүрүп, кыргыз коомун зар какшатып жатканы акыр замандын өзү болуп саналат. Биздин жеке пикирде *заманачылардын* ***акыр заман*** менен байланыштырылган *таалим-тарбия, нарк-нуска, ыймандын бузулушу, пейилдин тарышы, кайрымдуулук* жөнүндөгү ой толгоолору *өз маани-мазмуну менен ордун* жогото элек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Несбитт Д., Эбурдин П. Что нас ждет в 90-е годы. Мегатенденции: Год 2000. Десять новых направлений на 90-е годы. – М., 1992. – С.173.
2. *Хоруженко К. М.* Культурология. Энциклопедический словарь. – М., 1997. – С. 287-288.
3. *Деменчонок О. В.* Концепция «другого» в философии Энрике Дусселя // Философские науки. – 1989. - № 7. – С. 42-43.
4. *Юнг К. Г.* Различие восточного и западного мышления // Философские науки – 1988. - № 10 – С. 95.
5. *Померанц Г.* Никакая культура не одинока… // Знание – сила. – 1985. - № 5. – С. 15.
6. *Багно В. Е.* Пограничное сознание, пограничные культуры // Полярность в культуре. - СПб., 1996. - С. 419-420.
7. *Аверинцев С. С.* Поэтика ранневизантийской литературы. - М., 1997.
8. *Айтматов Ч.* Кыямат // Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек, 2008. - 3-том. - 82-бет.
9. *Аалиева Н. К.* Этнополитический аспект культурного диалога Запад-Восток в современных условиях // Społeczeństwo I polityka. Pultusk: Akademia Humanistyczna imenia Aleksandra Gieysztora. Wydział nauk politycznych, 2009. - № 3 (20). 163-170.